**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОРГОО МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБОРОНЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**

**ПРИКАЗ**

**_____________________ № _____ Бишкек ш.**

**“Аскердик-дарыгердик комиссия тарабынан жарандарды медициналык күбөлөндүрүү” мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн административдик регламентин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2018-жылдын 16-январындагы №26 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламентин иштеп чыгуу жана оптималдаштыруу тартиби жөнүндө жобого ылайык, колдонуудагы бааларды кайра карoo жана Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу максатында, **буйрук кылам:**

1. “Аскердик-дарыгердик комиссия тарабынан жарандарды медициналык күбөлөндүрүү” мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн тиркелген административдик регламенти бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин аскердик-медициналык башкармалыгынын башчысы:

- ушул буйрукту “Эркин-Тоо” гезитине расмий басып чыгаруу жана Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин веб-сайтына жайгаштыруу;
- басылып чыккандан баштап үч күндүн ичинде, буйруктун көчүрмөсүн мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада, кагазда жана электрондук алып жүрүүчүдө, укуктук актыны басып чыгарган булагын көрсөтүү менен мамлекеттик каттоодон өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жана күчүнө киргенден баштап үч күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн маалымат катары Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жиберүү;
- мамлекеттик кызмат көрсөтүү боюнча иштерди жогоруда көрсөтүлгөн административдик регламентке ылайык так уюштуруу;
- көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын андан ары жакшыртуу жана оптималдаштыруу боюнча чараларды көрсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитетинин төрагасынын “Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитетинин мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын бааларынын прейскурантын, административдик регламенттерин

бекитүү жөнүндө” 2019-жылдын 19-февралындагы № 49 буйругунун 1-пунктунун төртүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын.

4. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Коргоо министринин (материалдык-техникалык жана экономикалык камсыздоо боюнча) орун басарына жүктөлсүн.

5. Ушул буйрук расмий басылып чыккандан он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

6. Буйрук тиешелүү адамдарга чейин жеткирилсин.

**Коргоо министри**
**генерал-лейтенант** **Б.А. Бекболотов**